УДК : 894.341.
DOI: 10.35254/bhu.2019.47.28

С.И.Искендерова,
филология илимдеринин доктору, профессор
К.Карасаев ат. Бишкек гуманитардык университети

Ч.АЙТМАТОВДУН "ЖАМИЙЛА" ПОВЕСТИН КАЙРАДАН ОКУГАНДА...

НОВЫЕ ВЗГЛЯДЫ ВНОВЬ ПРОЧИТАННОЙ ПОВЕСТИ "ДЖАМИЛЯ" Ч.АЙТМАТОВА...

NEW VIEWS, RE-READ THE STORY "JAMILA" BY CHINGIZ AITMATOV...

Аннотация: *Бул макалада адабияттын алпы, XX кылымдын залкар жазуучусу, ойчулу, кыргыз элинин уулу, дүйнөлүк адабияттын асманында жарк этип жанып, түбөлүккө из калтырган жылдызы Ч.Айтматовдун "Жамийла" повестин кайрадан окугандан кийин пайда болгон ой-пикир айтылды. Бул повесть жөнүндө көптөгөн макалалар, илимий изилдөөлөр жазылгандыгы белгилүү, ошондой болсо да Ч.Айтматовдун ар бир чыгармасын кайталап окуган сайын жаңы кырлары ачыла берет, бул жазуучунун дүйнөнүн ар түрдүү жактарын терең билгендиги, жашоонун, адамтурмушунун татаал ой-кырларын, жаратылыш менен адам баласынын карым-катышынын чырмалган байланышын өзгөчө сезе билгендиги жана аны өтө кылдат көркөм сүрөттөй алгандыгы менен, ошондой эле ар бир окурманга жеткиликтүү (кандай гана окурман болбосун) бере алгандыгы менен түшүндүрүлөт. Бул макалада келин менен кайнененин мамилеси, Жамийла менен Даниярдын сүйүүсү жөнүндөгү жаңы байкоолор жөнүндө сөз болду.*

Түйүндүү сөздөр: *адабият, макала, сын-пикир, проза, пейзаж, повесть, мазмун, форма, үй-бүлө, тарбия,сүйүү, гумандуу.*

Аннотация: *В этой статье говорится о мнениях и впечатлениях после повторного прочтения повести "Жамиля" выдающегося знатока литературы, великого писателя 20 века, дипломата, сына кыргызского народа, звезды мировой литературы, который засиял яркой звездой и оставил след Ч.Айтматова. По данной повести написано очень много статей, научных исследований, но несмотря на это, каждый раз повторно читая произведения Ч.Айтматова находишь все новые грани. Это говорит о всестороннем знании жизни, человеческой души,-быта, о его глубоко чувственном знании человеческих взаимоотношений, природы. В этой статьей рассмотрены взаимоотношения свекрови и снохи, новый взгляд на любовь Жамийлы и Данияра.*

Ключевые слова: *литература, статья, критика, проза, пейзаж, повесть, содержание, форма, семья,воспитание, любовь, гуманность.*

Annotation: *This article talks about the opinions and impressions after re-reading the story "Jamila" outstanding connoisseur of literature, the great writer of the 20th century, the son of the Kyrgyz people, the star of world literature, which shone a bright star and left a trail CH. Aitmatov. According to this story written a lot of articles, research, but despite this, each time re-reading the work of CH. Aitmatov find new faces. This indicates a comprehensive knowledge of life, the human soul,life, his deeply sensual knowledge of human relationships, nature. This article examines the relationship between mother-in-law and daughter-in-law, a new look at the love of Jamila and Daniyar.*

Keywords: *literature, article, criticism, prose, landscape, story, content, form, family,education, love, humanity.*

Адабияттын алпы, көркөм сөздүн чыныгы маанисиндеги чебери, дүйнөлүк маданияттын залкар өкүлү, кыргыз элинин уулу, дүйнөлүк адабияттын асманында жарк этип жанып, түбөлүккө из калтырган жылдызы Ч.Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө, анын алгачкы чыгармаларынан тарта бүгүнкү күнгө чейин адабияттын, маданияттын ар түрдүү тармактарында жүздөгөн эмгектер, макалалар, көркөм чыгармалар жаралып, кинодо, театрда, сүрөт өнөрүндө чагылдырылып келет. Дүйнөлүк, советтик, кыргыз адабияттаануу, философия, педагогика, искусство илиминде да жүздөгөн кандидаттык, докторлук илимий эмгектер жазылды, азыр да сүрөткердин көркөм мурастарына болгон кызыгуу уланууда. "Ч.Айтматовтаануу" илиминин жаралышы, "Эл аралык Ч.Айтматов клубунун" түзүлүшү, "Эл аралык Ч.Айтматов сыйлыгынын" түптөлүшү да Ч.Айтматовдун чыгармалары менен анын өрнөктүү өмүрүнө карата кызыгуунун мисалы болсо, ошол эле учурда ага болгон терең сый-урматтын бийик үлгүсү десек болот. Бүгүнкү күнгө дейре Ч.Айтматовдун чыгармалары дүйнөнүн 170тей тилине которулгандыгы, эки тилде, орус жана кыргыз тилинде мыкты жаза билгендиги жалпы окурмандарга жакшы тааныш. 1988-жылдан тарта жергебизде "Айтматов жана театр" деп аталган Эл аралык фестиваль ийгиликтүү өтүп келе жатат. Адабиятка сиңирген эмгеги үчүн башка сыйлыктарын айтпаганда да, Ч.Айтматовго Социалисттик Эмгектин Баатыры, отуз беш жашында "Тоолор жана талаалар повесттери" деген китеби үчүн Лениндик, кийинчерээк СССРдин мамлекеттик сыйлыктарынын 3 жолку лауреаты, Кыргыз Республикасынын Баатыры наамдары ыйгарылгандыгын айтуу жетиштүү. Ч.Айтматов өзү демилгечи жана уюштуруучу болгон "Ысык-Көл форуму" дүйнөлүк элдердин ортосундагы ынтымакты, өз ара түшүнүүчүлүктү чыңдоого, мамлекеттер аралык курч кырдаалдарды басаңдатууга арналган дүйнөлүк деңгээлдеги маданий ишмерлердин тилектештик ойлорунун борбору катары кызмат кылууда. Быйыл 2018-жылы сүрөткердин 90 жылдык мааракесине арналып Ысык-Көлдө сентябрь айында кезектеги иш чарасы ийгиликтүү өткөнү буга далил.

Биз сөз кыла турган "Жамийла" повести "Новый мир" журналынын 1958-жылдагы №8-санына алгачкы жолу жарыяланган. 1958-жылы "Ала-Тоо" журналынын №10-санына "Обон" деген ат менен кыргыз тилинде басылган. 1959-жылы кыргызча "Обон", орусча "Жамийла" деген ат менен Москвадан жарык көргөн. Бүгүнкү күндө "Жамийла" повести дүйнөнүн жүз элүүдөн ашык тилдеринде жарык көрдү. "Жамийла" повестине алгачкы жолу дүйнөлүк деңгээлде жогору бааны француз жазуучусу Луи Арагон повестти француз тилине которуп, аны "Махабат тууралуу дүйнөдөгү эң сонун баян" деп дүйнө жүзүнө жар салып, бийик баасын берген, ошондой эле казак окумуштуусу жана жазуучусу М. Ауэзов "Айтматовдун повести психологиялуу, табигый жана жөнөкөй... Бул кыргыз прозасындагы жаңы көрүнүш" деп жалпы союздук окурмандардын алдында адил сөзүн айтып чыккан. Чындыгында эле чыгарма жарык көргөн мезгилден азыркы күнгө чейин эчен жүздөгөн эмгектер, макалалар, ал турсун сын-пикирлер да айтылганы белгилүү. Бирок калыстык үчүн бул повестке алгачкы оң, баалуу ой-пикир айткан адабиятчы-окумуштуу ошол кезде филология илиминин кандидаты, кийинки филология илиминин доктору, профессор, белгилүү илимпоз-окумуштуу К.Асаналиев агай экенин белгилеп коюну эп көрдүк. Али кол жазма түрүндөгү үлгүсүн автор Москвадан "Москва" мейманканасынан жолугуп калган замандашына, теңтушуна, башкача айтканда, окумуштуу-адабиятчы К.Асаналиевге мейманкананын узун коридорунда пол тазалагычтын (полотёрдун) катуу үнүнө карабай баштан аяк окуп бергени белгилүү. Ошондо К.Асаналиев агай: "Бул кыргыз адабиятындагы жаңы жээк", - деген экен.

Адабияттын алпы, кыргыз элин дүйнөгө тааныткан жазуучубуз жөнүндө мен деген инсандардан тарта катардагы карапайым адамдарга, жаш муундарга чейин билип эле жөн болбостон ар биринин өз ойлору, эң жакшы пикирлери бар десек туура болот деп ойлойбуз. Ошондой эле калемгердин "Жамийла" повести тууралуу да көптөгөн ой-пикирлер айтылды, сандаган эмгектер жазылды. Чыгарманын негизинде көптөгөн спектаклдер коюлган, сүрөттөр тартылган, ырлар, поэмалар жазылган, көркөм фильмдер тартылган (режиссёр Ирина Поплавскаянын 1969-жылы "Мосфильм" киностудиясында (Россия); 1994-жылы режиссёр Моника Тейбердин ("Трианглфилм" (ФРГ), "Гемлин Медиа Интернейшнл" жана "Кори Филм дистрибьюторс" (США) тарабынан; 2008-жылы Германия-Франция-Кыргызстан тарабынан Мари-Жауль де Поншевилдин постановкасы боюнча). И.Поплавскаянын "Джамиля" фильми Франциядан "Чет элдик эң мыкты фильм" деп таанылган жана "Калимэ" сыйлыгын, Колумбиядан "Мыкты режиссура" үчүн сыйлык, Венгрия менен Тунистен "Ардактуу диплом" алган. 1973-жылы фильм дүйнөдөгү мыкты он картинанын катарына кирген.

Чыгарма орто мектепте окутулууда, окутуунун жолдору, тарбиялык мааниси жөнүндө ар кыл методикалык эмгектер жазылды. Чыгарма жөнүндөгү эмгектерди айтсак дагы да көп сөз кылчудайбыз.

Биз болсо "Жамийла" повестин кайрадан окугандан кийин жаралган ойлорубуз жөнүндө учкай пикир бөлүшүүнү эп көрдүк. Дароо эле айта кетчү нерсе Ч.Айтматовдун чыгармаларын канча окусаң ошончо мурда байкабай калган учурлар чыга беришине толук ынандык. Бул ар бир окурманга тиешелүү деп ойлойбуз. Деги эле Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мазмуну, негизи турмуштан, болгондо да өз турмушунан алынары дагы бир жолу ачык болду, алардын жазылыш тарыхы, себептери бар экен. Ушул "Жамийла" повестинин жазылышына, андагы окуялардын, айрыкча жай мезгилиндеги,башкача айтканда, августтун кереметтүү күндөрү менен түндөрү, андагы пейзаж, Жамийла менен Даниярдын образдарынын жаралышы жазуучунун согуш маалында Тойлубай Усубалиев деген комбайнчыга жардамчы болуп, күнү-түнү иштегендери себеп болгонун, ошол кездер жөнүндө өзү да "Менин өмүрүмдөгү эң кайраткерлик жай ошол жай деп ойлойм. Эмнеси болсо да, эч качан эстен чыкпайт", - дейт. Жамийла жеңеси болгонун да турмуш ырастаган.

"Жамийла" повести Сейиттин баяндамасы түрүндө жазылган. Ч.Айтматов жаш сүрөтчү Сейиттин ретроспективдик баяндоосу аркылуу адамдын татаал, чиеленген тагдырын, аны курчаган айлана-чөйрөнү, адам дүйнөсүнүн тээ терендеги ой-сезимдерин байкап, алардын терең, ичиндеги катылуу сырларын ачууну максат кыл-

ган. Деги эле адамды сыртынан эмес, ичинен аңдап, ачып көрсөтүү адабияттын милдети экени белгилүү. Автор да ушул татаалдыктан коркпостон адамдарды-,аларды курчаган жаратылышты, запкысы кичинекей кыргыз айлына да жеткен согуштун каардуу мезгилин, анын алып келген оор кайгысын, андагы адамдардын кайраттуу эрдиги менен эмгегин жана адам баласынын башындагы зор сүйүүнү дүйнөлүк деңгээлден көркөм сүрөттөп көрсөткөн. Чыгармада турмуштагы ар кандай чагылыштарды, адамдардын ички дүйнөсүн, алардагы кескин бурулуштарды чагылдырат. Деги эле адамдын духовный эркиндикке чыгуу жолу узак жана татаал процесс болуп саналат. Чыгармада дал ушул процесс көрсөтүлөт, ошон үчүн да повестин тарбиялык ролу абдан зор десек болот. Дагы бир нерсе повесть окуганга жеңил, мазмуну жагынан да, структуралык формасы жагынан да жөнөкөй сезилет, бирок ушул жөнөкөйлүктө адамдын ички сезимине жеткен үн, терең катмарга жашырылган ой бар экенин окуган сайын сезесиң. Чыгармадагы ар бир сөз, сүйлөмдүн ичинде дагы бир ой катылып жатканы бар экенин байкоого болот.

Бул жерден жазуучунун кыргыз тилин терең билгендиги, аларды (сөздөрдү) өз орду менен пайдалана алгандыгы, башкача айтканда, сөзгө сараңдыгы, ошол эле учурда ой чабыты, дүйнө таанымы өтө кенен экенине дагы бир жолу таазим этесиң.

Чыгарманын башталышында эле эки үй, алар чоң жана кичине үй экени эскерилет, Сейит чоң үйдүн баласы, агалары согушка кеткен, карыган атасы жыгач уста, үйдө апасы менен карындашы бар. “Берки үйдө болсо биздин жакын туугандарыбыз турат. Жакын дегеним, ортобуздан эки-үч ата өтсө да, алар менен башынан малыбыз, жаныбыз бир, - дейт. Ошондой эле Арал көчөсүндөгүлөр бир атанын балдары экен. Чындыгында эле айылдарда уруу-уруу болуп чогуу бир көчөнү ээлеген туугандар азыр деле бар. Андан ары: “берки үйдүн ээси дүйнөдөн кайтып, артында аялы менен тестиер эки уулу калат. Кыргыз элинин салты боюнча жетим баланы, эгер ал томолой жетим болсо да жерге таштаган эмес, ал тургай салт боюнча анын көзүнчө “жетим” деп айтылчу эмес. Автордун алдын-ала көрөгүчтүгү ушунда, тээ 50-60-жылдары эле бүгүнкү жашоону көрүп тургандай. Азыркы күндө жетим кыргыз балдардын кароосуз калып, балдар үйүнө батпай мамлекеттик деңгээлдеги маселеге айланып жаткандыгы баарыбызга маалым. Бул жагынан жакында эле президент С.Жээнбеков балдар үйүн кыскартуу, анын ордуна үй-бүлөлүк тарбиялоо маселесин козгоду. Сейит: “илгертен калган адат боюнча агайын-туугандар жесирдин башын байлап коёлу деп, арбак, кудайга тууралап, менин атама никелештирип коюшат”, - дейт. Андан ары эки үйдүн ынтымагын, ырыс-берекесин сактаган да, билерманы да апасы экен. Мына ушундан аял кишинин үй-бүлөдөгү орду өтө маанилүү экени, кыргыздарда үй-бүлөгө, аялга канчалык жоопкерчилик жүктөлгөнү, ошол эле учурда кыргыз аялынын акылмандуулугу көрсөтүлөт. Жесирдин башын кайын агага, кайниге байлоо кыргыз салты экени да белгилүү. Бул ошол ээси жок болгон үй-бүлөнүн тагдырын ойлоо, ага кам көрүү катары бааланган, аны ар бир үй-бүлө мүчөсү туура кабыл алган, башкача айтканда, жазылбаган мыйзам болгон. Деги эле кыргыз турмушунда үй-бүлө куруу, бала тарбиялоо, кайын эне менен келиндин, ата-баланын мамилеси эзелтеден келе жаткан жазылбаган, бирок кыргыздардын каны-жанына сиңген мыйзамдар, каада-салт аркылуу жүргүзүлгөн. Чыгармада атасы, апасы, “иштерман” деген атка конгон экинчи апасынын кулк-мүнөздөрү үч башка. Үй-бүлөдөгү алган орундары да ошого жараша болгон. Айрыкча чоң үйдөгү апа азыркыча айтканда “лидер” болгон жана Жамийланы да өзүндөй кылып тарбиялоого, орун басар кылууга чын дилинен аракет кылган. Ошол эле учурда “атамды үй ээси экен деп эч кимиси кайрылчуу эмес”, - дейт. Бул атасын кем саноо же басынтуу эмес, чындыгында турмушта ушундай адамдар кезигет, болгону ал өз ишин жакшы билген адис, камкор ата катары кала берет. “Дагы да андай-мындай иштерге, жаштыгыма карабай, мен кийлигишип кетчүмүн”, - дейт. Бул өспүрүмдүн жоопкерчилигин сезе билүүсү деп ойлойбуз. Өзүн кадыр эсе чоң жигиттей сезип “шапалак камчыны сүйрөп басып,” чоң арабакечтерди туурап, “чырт түкүрүп, жай баракат теңселип” басат, ошол эле учурда ал өспүрүм бала, мына ушунун баары картинадан көргөндөй көз алдыңан даана чагылат. Дагы бир мисал:”саамайлары сербеңдеп, кичинекей колдору менен эпилдеп тезек жайып, ага кубанычтуу жылмайган карындашы”. Бул учурду кайрадан жазып отуруунун зарылдыгы жок. Жазуучу мейли Сейиттин, мейли Даниярдын же Жамийланын, болбосо катардагы каармандардын элесин, портретин тартууда зор чебер экенин ошол алгачкы чыгармаларында эле көргөзө алган. Биз бул жерде мурда айтылган ой-пикирлерди кайталабай, аларга кошулуу менен байкоолорубузду гана айтып коюну чечтик. Чыгармада Жамийла сүйбөй эле кыз куумайда жетпей калганына намыстанган Садыкка турмушка чыгышы айтылат. Биздин оюбузча философияда айтылгандай “Себеп жана натыйжа” категориясы боюнча алсак, эгер Улуу Ата Мекендик согуш болбосо, Садык согушка кетпесе, балким ошол бойдон үй-бүлө болуп жашай бериши мүмкүн эле да. Ушул жерден А.Осмоновдун “Ким болду экен?” поэмасы эске түшөт, анда да Баркалбас менен Күлбөс кыздын тагдырындагы бурулуштарга согуш себеп болбоду беле. Бирок мындан адам турмушунун кескин бурулушуна сөзсүз согуш болуш керек деп айткандан алыспыз. Чыгарманы окуп олтуруп эртеби, кечпи Жамийланын тагдырында бурулуш болоруна ишенесиз, ага автор билгичтик менен окурманды даярдап жүрүп отурат.

Жамийладагы эрктүүлүк, чечкиндүүлүк акыр аягында Данияр менен кетүүсүнө өбөлгө түзөт. Ал бир эле учурда коомдук ишке активдүү катышат, ак ниет, шайыр, гумандуу, сүйүүнү баалай алат. Данияр - башкалардан айырмаланып турат, ал түнт, көп сүйлөбөйт, бирок акылга март, кебелбеген, адамдык сапаты бийик, сезими терең, дили таза, кужурмөн, кайраттуу адам. Жамийланын күткөнү да ушундай адам эле. Ошол үчүн Жамийла да : “мен сени бүгүн эмес, кечээ эмес, сыртыңдан билгендей, бала болуп эс тарткандан бери сүйөм...Мына эми сен да мени издеп келдиң!...” дейт. Данияр да: “Мен дагы сени алда качан сүйгөм, өмүрүмдө көрбөсөм да, окопто жатып сени ойлогом”, дейт. Улуу сынчы В.Белинский айткандай: “Жүрөктүн өзүнүн закондору бар, - бирок, ал закондордон опоңой эле системалаштырылган кодекс түзүп ала коюш мүмкүн эмес. Табиятынын жакындыгы, мүнөздөрүнүн бири-бирине

жаккандыгы, көңүлдөрүнүн окшоштугу – акыл-эси бар адам баласынын махабатында эң чоң роль ойной алат жана ойнооого тийиш", - дегенине кошулабыз. Чындыгында эле Данияр жогоркулардын негизинде гана Жамийлага карата болгон сүйүүсү артып, улам бир кыйынчылыкты жеңүү менен барган сайын өз сүйүүсүнө жакындай берди. Дагы да бир топ ойлорду айтууга чакан макаланын көлөмү жооп бербейт экен, кийинки макалаларда улантууга аракеттенебиз.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы. "Жамийла". I том. Повесттер, аңгемелер./ Түзгөн А.Акматалиев. Б.:Бийиктик,2008.

2. Акматалиев А. "Айтматовдук энциклопедия". -Б.: Илим, 1993.

3. Арагон Л. Махабат тууралуу дүйнөдөгү эң сонун баян // Ала-Тоо.1959.№5

4. Ауэзов М. "Жолуң куттуу болсун". // Ленинчил жаш. 1957. 2-ноябрь.